*УДК 338.43.02(575.2)(04)*

# АЙЫЛ ЧАРБА ИШКАНАЛАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК МЕХАНИЗМДЕРИН ТҮЗҮҮ

*Эргашбаева Мээрим, магистрант,*
*ergesmeerim@gmail.com*
*Максытова Бактыгул Турсунбаева,э.и.к, доцент*
*makbak67@mail.ru*
*Ош мамлекеттик университети,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация:****Макалада эмгек айыл чарба ишканаларында ишкердүү иштин эффективдүүлүгүн жогорулатуунун экономикалык механизмин түзүү маселелери камтылган. Айыл чарба өндүрүшүндө мамлекеттик жөнгө салуунун ролу каралат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *мамлекеттик жөнгө салуу; финансылык ресурстар; кредиттик рынок.*

# ФОРМИРОВАНИЕ ЭКОНОМИЧЕСКОГО МЕХАНИЗМА ПОВЫШЕНИЯ ЭФФЕКТИВНОСТИ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ В СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫХ ПРЕДПРИЯТИЯХ

*Эргашбаева Мээрим, магистрант,*
*ergesmeerim@gmail.com*
*Максытова Бактыгул Турсунбаева,к.э.н., доцент*
*makbak67@mail.ru*
*Ошский государственный университет,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация:*** *Освещены вопросы формирования экономического механизма повышения эффективности предпринимательской деятельности в сельскохозяйственных предприятиях. Рассмотрена роль государственного регулирования в аграрном производстве.*

***Ключевые слова:****государственное регулирование; финансовые ресурсы; кредитный рынок.*

# FORMING AN ECONOMIC MECHANISM TO INCREASE THE EFFICIENCY OF BUSINESS ACTIVITIES IN AGRICULTURAL ENTERPRISES

*Ergashbayeva Meerim, undergraduate,*
*ergesmeerim@gmail.com*
*Maksytova Baktygul Tursunbayeva,*

*Candidate of Economics, Associate Professor*
*makbak67@mail.ru*
*Osh State University,*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Annotation:****The issues of formation of an economic mechanism for increasing the efficiency of entrepreneurial activity in agricultural enterprises are covered. The role of state regulation in agricultural production is considered.*
***Key words:*** *state regulation; financial resources; credit market.*

**Киришүү.** Азыркы мезгилде айыл чарбаны өнүктүрүү өлкөнүн социалдык турмушун реформалоонун жана бүтүндөй улуттук экономиканы модернизациялоонун артыкчылыктуу багытына айланды.

Элет жеринде ишкердик күч алып, аны өнүктүрүүгө, бөлүнгөн кредиттик жана финансылык ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун объективдүү баалоо бүгүнкү кундо зор мааниге ээ.

Кыргызстандын өкмөтүнүн жана ишкер чөйрөлөрүнүн айыл чарба субъектилеринин керектөөлөрүн толук канааттандырууда зор күч-аракеттерин белгилеп, бирок, бул проблема комплекстүү мамилени жана социалдык өнүгүүнүн азыркы масштабы жана темптери, агроөнөр жай комплексинин субъекттеринен активдүүлүктү, колдоо болгон резервдерди жана мумкүнчүлүктөрдү мобилизациялоону талап кылат.

Бул максатка жетишүү үчүн биринчи кезекте айыл чарба өндүрүшүндө пайдаланылуучу ресурстардын негизги үч түрүнүн: жердин, эмгектин жана капиталдын катышында позитивдүү өзгөрүүлөргө жетишүү эн маанилүү болуп эсптелинет.

Айыл чарба ишканаларынын ишмердүүлүгүн натыйжалуугун жогорулатуу үчүн мамлекеттин ролу өтө зор, мисалыга, мыйзамдык базаны түзүү, маалыматтык системаны өнүктүрүү, дыйкан (фермердик) кооперативдердин укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоону камсызкылуу, ошондой эле агрардык саясатты жүргүзүүгө жөндөмдүү жаңы формациядагы кадрларды кайра даярдоо, жана инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу болот.

Бул биздин мамлекет үчүн өзгөчө маанилүү, анткени ички дүң продукцияда (ИДП) айылчарбасынын үлүшүн көбөйтүү зарыл. Алсак, 2020-жылы айыл чарбасынын дүң продукциясынын үлүшүндө 7,7%ды түзсө, 2021-жылдын ушул эле мезгилинде 9 %ды түзгөн[1].

[1]http://stat.kg/kg/news/valovoj-vnutrennij-produkt-v-yanvare-2021-goda/

Белгилеп кетсек, айыл чарбасынын аба ырайынын шарттарына, техникага жана башка факторлорго көз карандылыгынан улам, өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана калктын керектөөлөрүн канааттандыруу максатында айыл чарбасынын туруктуулугунун жана өнүгүүсүнүн белгилүү тенденцияларын олуттуу камсыз кыла турган чараларды көрүү зарылчылыгы, ошондой эле калкты айыл чарба продукциялары менен камсыз кылуу, айыл чарба тармагында иш менен камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү, мамлекеттин кызыкчылыгында болуш керек.

## 1. Изилдөө ыкмалары

Айыл чарба иш каналарынын ишмердүүлүгүн натыйжалуугун жогорулатуу үчүн атайын иш чаралар мамлекет тарабынан иштелип чыгуусу зарыл. Бул иш чаралар, ченемдик укуктук базаны андан ары өркүндөтүү, жер рыногун өнүктүрүү, кредиттик ресурстарга жеткиликтүүлүктү жогорулатуу, камсыздандыруу системасын өнүктүрүүнү камтыш керек.

Айыл чарба өндүрүшүнүн ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган мамлекет тарабынан сунушталган төмөнкү иш-чараларды карап, талдап чыксак:

- республиканын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү боюнча кабыл алынган программаларды ишке ашырууну камсыз кылуу;
- республиканын агроөнөр жай комплексине кластердик долбоорлорду киргизүү жана региондорду адистештирүү боюнча чараларды ишке ашыруу;
- ирригациялык системаларды калыбына келтирүү жана суу чарба секторунун негизги өндүрүштүк фондуларын жаңылоо;
- кредиттик союздар, микрокредиттик система, мамлекеттик сактык фонддор аркылуу калктын акча каражаттарын мобилизациялоону андан ары ишке ашыруу;
- тармактар боюнча айылдык ишкерлердин ассоциацияларын түзүү жана секторлор аралык кооперация системасын өнүктүрүү;
- айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө билим берүү, консультациялык жана маалыматтык кызматтарды көрсөтүү, консультациялык кызматтардын тармагын кеңейтүү, айыл чарба технологиясы, өндүрүш технологиясы, агробизнес, кол өнөрчүлүк боюнча жергиликтүү колдонулуучу билимдерди берүү аркылуу колдоо көрсөтүү;
- ыктыярдуу негизде кооперативдердин ар кандай формаларын жана бирикмелердин башка түрлөрүн түзүү аркылуу чарбаларды (өзгөчө майда чарбаларды) структуралык кайра өзгөртүү;

➢ пайдаланылбай жаткан айдоо жерлерин айыл чарба багытында пайдаланууга багытталган чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

Бул максаттарга жетүү жана иш-чараларды аткаруу үчүн, мамлекеттин алдында, биринчи кезекте чакан бизнестин санынын өсүшүнүн катышында оң өзгөрүүлөргө жетишүү жана алардын ички дүң продукциянын түзүлгөн көлөмүнө кошкон салымын талдап чыгуу маанилүү. Бир дыйкан (фермер) чарбасына айдоо жерлеринин жалпы аянты 4 эсеге кыскарды жана 3,5 гектарды түздү.

Жеке ишкерликтин өнүгүшү менен аыйл чарба өндүрүштү уюштурууга байланышкан көйгөйлөр пайда болду: дыйканчылык тажрыйбасынын жоктугу, өндүрүш каражаттарын пайдалануунун кескин кыскарышы, айыл чарба техникасынын кубаттуулугунун чарбалардын көлөмүнө шайкеш келбегендигин баса белгилей кетүү керек.

Азыркы мезгилде техникалык, тейлөө жана турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн начарлашы, айдоо аянттарынын чектелгендигинен улам, чакан дыйкан чарбалары биргелешкен ири чарбалар менен жеке чарба өндүрүшүнүн, рентабелдүүлүк менен экспорттук мүмкүнчүлүктөрдүн ортосунда тандоонун алдында калышты.

Бул түзүлгөн абалды, агрардык секторду мамлекеттик жөнгө салуу, башкача айтканда, агроөнөр жай ишканаларын өзгөрүлүп жаткан рыноктук шарттарга ыңгайлаштыруу максатында мамлекеттик мекемелер тарабынан ишке ашырылуучу мыйзам чыгаруу, аткаруу жана көзөмөлдөө чараларынын тутуму түзүлүсүү зарыл.

Айыл чарба ишканалары мамлекет тарабынан колдоонун айрым түрлөрү болгондо гана ийгиликтүү иштей алат, мисалы. мыйзамдык, кадрдык, мүлктүк, финансылык, маалыматтык, уюштуруу-усулдук, техникалык ж.у.с.

## 2. Жыйынтыктар жана талкуулоолор

Айыл чарба иш каналарынын ишмердүүлүгүн натыйжалуугун жогорулатуу үчүн, жогорку өнүккөн өлкөлөрдө экономиканын агрардык секторун мамлекеттик колдоонун тажрыйбасына көнүл бурсак, түрдүү булактар көрсөткөндөй, аларда экономикалык өнүгүүнүн ар кандай деңгээлдерине карабастан, айыл чарбасы ар кандай формада мамлекеттик ири финансылык жардамды алып турат, анын түпкү максаты калкты нормалдуу рентабелдүүлүк менен акылга сыярлык баада тамак-аш өндүрүү. Дыйкандар, арендаторлор, айыл чарба кооперативдери мамлекеттик мекемелер менен көптөгөн экономикалык ар кандай иш-чаралар аркылуу байланышкан. Бул байланыштар тынымсыз өркүндөтүлүп, өнүктүрүлүп

турат. Дыйканды капысынан кыйроого алып келе турган мындай чечимдерди эч ким эч качан кабыл албайт. Албетте, бул эмгек өндүрүмдүүлүгү төмөн болгон чарбаларга тиешелүү эмес.

Айыл чарбасы өнуккөн өлкөлөрдө бул тармагынын эмгекчилери эмгекти тынымсыз жакшыртууга, продукциянын өздүк турган наркын төмөндөтүүгө кызыгышат.

Демек, мамлекеттин кийлигишүүсү айыл чарбасында өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүүгө, баарыдан мурда айыл чарба техникасын модернизациялоого, илимдин заманбап жетишкендиктерин пайдаланууга, экологиянын керектөөлөрүнө максаттуу каржылоо аркылуу стимулдаштыруучу таасирин тийгизет.

Өнүккөн өлкөлөрдө айыл чарба тармагына субсидиялардын жана субсидиялардын бардык түрлөрү айыл чарба продукциясынын өздүк наркынын 40тан 80%ке чейинкисин түзөт [2].

Айыл чарбасына көрсөтулгөн финансылык жардамдын өлчөму жана мунөзу жөнундө төмөндөгу мисалдар кубө. Германияда ар бир ферманын короосуна жылына орточо 35 миң евро туура келет. Мындан тышкары, мамлекеттик органдар аркылуу айыл чарба мекемелеринин ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган түрдүү иш-чаралар жүргүзүлүүдө. Ошентип иштеп жаткан контролдук-текшеруу союздары жылына бир жолудан кем эмес айылдык кооперативдердин финансы-чарбалык иштерин текшерип турушат. Мына ушундай текшерүүлөрдун жыйынтыгы боюнча консультациялар берилип, орун алган кемчиликтерди жоюу боюнча кенештер, кооперативдердин ишин жакшыртуу боюнча сунуштар берилип турат [2,4].

Баса белгилеп кетсек, илимий сунуштарды колдонуу дыйканга жеңилдетилген кредиттерди алууга укук берет. Жалпысынан бюджеттик каржылоолор чарбалардын капиталдык салымдарынан 6 эсе ашып, чарбанын дун продукциясынын 40 процентин тузөт.

Бир катар чет өлкөлөрдун айыл чарбасына мамлекеттик субсидиялардын өлчөмун жакшыраак түшүнүү учун дыйкандардын жана өндуруштук кооперативдердин пайдасынын үлүшү катары бул каржылоонун өлчөмдөру жөнундө маалыматтарды келтирели. Мисалыга, АКШда пайдадагы мамлекеттик субсидиялардын үлүшү 30%ды, ЕБ өлкөлөрүндө орточо эсеп менен 55%ды, Японияда 75%ды түзөт [2].

Айыл чарба тармагынын муктаждыктары үчүн мамлекеттик каржылоо айыл чарба кызматкерлерин колдоо гана эмес, коомдогу социалдык чыңалууну басаңдатуу чарасы болуп саналат.

Ошону менен бирге коп мамлекеттерде мамлекет баалардын денгээлин дайыма контролдоп турат, рынокто бааларды түзүүдө ээнбаштыкка жол бербейт.

Мисалы, Францияда айыл чарба рыногунда баалар гарантияланган денгээлден төмөн түшө турган болсо, анда товар чыгаруучулар мамлекеттин эсебинен гана эмес, аны сактоо жана кайра иштетуу учун да компенсация төлөшөт. Бир сөз менен айтканда, дыйкандарга товардык продукцияда алардын эмгеги менен түзүлгөн нарктын бекем үлүшү кепилденет [5].

Айыл чарба продуктыларын өндуруу учун жаратылыш-климаттык шарттар, жогоруда айтылгандай, олуттуу айырмачылыктарга ээ. Айыл чарба өндүрүшүнө жакшы шарты бар өлкөлөрдө, албетте, айыл чарба продукциялары арзан.

Салыштыруу үчүн негиз катары АКШнын азык-түлүк товарларынын баасын ала турган болсок, анда ЕБ өлкөлөрүндө окшош товарлардын баасы америкалык көрсөткүчтөрдөн 1,6-1,7 эсе, Японияда 3 эсе жогору [2]. Скандинавия өлкөлөрү айыл чарба өндүрүшүнүн бирдигине көп акча сарптоого туура келет. Ошондуктан Финляндия ата мекендик өндүрүүчүлөрдөн бир тонна буудайды Американын өкмөтүнөн төрт эсе жогору баада сатып алат.

Жергиликтүү азык-түлүк өндүрүшүн коргоо үчүн жогорку сатып алуу баалары, бажы алымдары жана чет өлкөлөрдөн азык-түлүк импортуна атайын чектөөлөр кеңири колдонулат.

Өнүккөн өлкөлөрдүн айыл чарба корпорациялары, фермерлери, өндүрүштүк кооперативдери, айыл чарбасы өнүгүүнүн төмөн деңгээлинде турган башка өлкөлөргө өз продукцияларын экспорттоо менен олуттуу финансылык салымдарды алышат.

Эң өнүккөн өлкөлөрдүн айыл чарба тармагына мамлекеттик бийлик органдарынын ири жана системалуу жардамын белгилеп, айыл чарба өндүрүшүнө оң таасирин тийгизген кооперативдик бирикмелердин эбегейсиз зор ролун белгилей кетүү керек.

Англиянын, Голландиянын, Германиянын, АКШнын, Франциянын, Японияныn жана башка өнүккөн өлкөлөрдүн дыйкандары ар дайым кооперативдер менен кызматташып турушат жана алар аркылуу айыл чарба эмгекчилери өздөрүнүн продукциясын сатышып, аманаттарын кооперативдик банктарда сакташат.

Белгилей кетсек, кооперативдерде дыйкандар өздөрунө керектүү финансы ресурстарын кредитке алып, камсыздандыруу операцияларын жүргүзүшөт. Чындыгында айыл чарба жумуштарына катышкан ар бир адам

кооперативдер менен кызматташып, алар аркылуу көптөгөн экономикалык жана социалдык маселелерди чече алат.

Бул өлкөлөрдө экономиканын агрардык секторун мамлекеттик колдоонун тажрыйбасына таянып, республикада, айыл чарбасына мамлекеттин кийлигишүүсүн активдештирүү өтө зарыл, «... мамлекет ишкердикти өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүшү керек, ага субсидиялар, кредиттик жана салык женилдиктери менен жардам берип, чарба жүргүзүү укугун каттоонун тартибин женилдетип, атайын иш-чараларды иштеп чыгуусу зарыл» [5].

**Тыянак**

Демек, айыл чарбасындагы мамлекеттик жөнгө салуу, биринчи кезекте, айыл чарба продукциясын, сырьену жана азык-түлүктү өндүрүүгө, кайра иштетүүгө жана сатууга, айыл чарба өндүрүшүн өнүктрүүгө, техникалык жана материалдык-техникалык жактан камсыздоого таасир этиши керектиги айдан ачык, анткени айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө мамлекеттик колдоо алардын уюштуруу-укуктук формасы чарба жүргүзүүнүн рыноктук шарттарында өндүрүштү мамлекеттик жөнгө салуу каражаттарынын бири болуп саналат.

Айыл чарба иш каналарынын ишмердүүлүгүн натыйжалуугун жогорулатуу үчүн: айыл чарба продукциясын, сырьенун жана азык-түлүк рыногун калыптандырып; айыл чарбасы пайдаланган жаратылыш ресурстарын сактап жана кайра өндүрүп; ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоп; илимди өнүктүрүп жана айыл чарба өндүрүшүндө маалыматтык-консультативдик иштерди жүзөгө ашырып; айылдын социалдык чөйрөсүн туруктуу өнүктүрүп, мамлекет айыл чарба өндүрүшүн колдоп, жөнгө салып турушу абзел.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абышева А.В., Драгунова Л.В. Финансовая инфраструктура малого предпринимательства: региональный аспект. [Текст] /А.В. Абышева, Л.В. Драгунова //Вестник Евразийской науки-2017. - № 2 (39)
2. Версоцкий Р.Р. Зарубежный опыт поддержки малого и среднего предпринимательства и возможности его применения в современной России. [Текст] /Р.Р. Версоцкий //Управленческое консультирование. - 2019. - № 7. - с. 108-114
3. Дмитрик Е.Г. Методы регулирования бюджетных финансовых рисков в рамках реализации мероприятий поддержки предпринимательства. [Текст]/Е.Г. Дмитрик // Финансы и кредит. -2017. т. 23, вып. 36, - с. 2189–2196 ( http://fin-izdat.ru/journal/fc/)
4. Мезенцева Е.С. Оценка результативности государственной политики в сфере

финансовой поддержки малого предпринимательства [Текст] /Е.С.Мезенцева // Экономика. Налоги. Право. -2016. - № 6.
5. Сооронбек К.Т., Максытова Б.Т. Problems of agricultural exports from Kyrgyzstan to the EEU[Текст] / К.Т. Сооронбек, Б.Т. Максытова//Bulletin of Osh State University.- 2018. - № 2. - с. 158-164
6. Джаилов, Д.С. Экономическое развитие и возможности экономической интеграции стран Центральной Азии [Текст] / Д.С.Джаилов // Реформа- 2016. - № 4. - с. 8-14
7. http://stat.kg/kg/news/valovoj-vnutrennij-produkt-v-yanvare-2021-goda/